DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 8, 2020

*Кайыпова К.Ө.*

# АСАН ЖАКШЫЛЫКОВДУН «ТАМЫРЫ ЖАЙЫЛГАН ӨМҮР» ЭССЕСИНДЕ КОМУЗЧУЛУК ӨНӨРДҮН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

*Кайыпова К.О.*

# ОСОБЕННОСТЬ ТАЛАНТА КОМУЗИСТОВ В ЭССЕ АСАНА ЖАКШЫЛЫКОВА «ЖИЗНЬ, ПУСТИВШАЯ СВОИ КОРНИ»

*K.O. Kaiypova*

# PECULIARITIES OF TALENTED KOMUZ PLAYERS IN THE ASAN JAKSHYLYKOV'S ESSAY

*УДК: 82-8:82-9(575.2) (04).*

*Асан Жакшылыков "Тамыры жайылган өмүр" эссесин залкар комузчунун 100 жылдыгына арнап 1989-жылы жазган. Автор бул эссесинде ал мезгилде жашап өткөн ата-бабаларыбыздын ыйык турмушун, жашоо көчүн биздин көз алдыбызга тартат, комуздун маанисин белгилейт. Дегеле, кыргыз баласы төрөлгөндө эле комуз доошун туюп, чоңойгончо комуз күүсүн угуп чоңоет деген идеясын айтат. Комуз кыргыз эли менен жандаш жүргөн баалуу аспап. Биз сөз кылып жаткан комуз темасы – өлбөс-өчпөс тема - деп, белгилейт. Автор негизинен Чалагыз Иманкуловдун комузчулук образын ачат.Ошону менен бирге эле Чалагыздын комуз чабуучулук өнөрүнө, дегеле комуздун жасалыш ыгына, шартына өзгөчө маани берип, сөзгө алат. Асан Жакшылыков устат менен шакирттин ортосундагы бийик мамилени даназалаган.*

***Негизги сөздөр:*** *комуз, өнөр, устат, шакирт, ата-баба, залкар, өлбөс.*

*Асан Жакшылыков написал эссе «Тамыры жайылган өмүр» в 1989 году в честь 100-летия великого комузчи. В этом эссе автор показывает жизнь наших предков, отмечает значение комуза. Автор делиться с идеей о том, что когда у кыргызов рождается ребенок, то он растет слушая и чувствуя мелодию комуза. Комуз – ценный инструмент, который идет рука об руку с кыргызским народом. Он также подчеркивает тема комуза, о которой мы говорим,- бессмертная тема. В основном автор раскрывает образ комузиста Чалагыз Иманкулова. При этом особое внимание уделяет умениям Чалагыза по изготовлению комуза, методам, условиям его создания. Асан Жакшылыков восхваляет отношение между наставником и учеником.*

***Ключевые слова:*** *комуз, талант, наставник, ученик, предки, выдающийся, бессмертный.*

*Asan Zhakshylykov wrote an essay "Tamyry zhayylgan өmir" in 1989 in honor of the 100th anniversary of the great komuzchi. In this essay, the author shows the life of our ancestors, notes the significance of the komuz. The author shares with the idea that when a child is born to the Kyrgyz, it grows and the melody of komuz is felt. The komuz is a valuable instrument that goes hand in hand with the Kyrgyz people. He also emphasizes the topic of komuz that we are talking about - an immortal theme. Basically, the author reveals the image of the komuzist Chalagyz Imankulov. At the same time, special attention is paid to Chalagyz's ability to make komuz, methods, conditions for its creation. Asan Zhakshylykov praises the relationship between mentor and student.*

***Key words:*** *komuz, talent, mentor, student, ancestors, outstanding, immortal.*

Комуз аспабы мындан эки миң жылдан ашуун илгери эле байыркы Энесай кыргыздарынын колунда ойноп келгенине карт тарых өзү күбө. Сыртынан жупуну, жөнөкөй көрүнгөн комузга кол ойното баштаганда кандай керемет үндөр жаңырат. Комуз үч кыл буроо, капкак, чара, моюн, жана тепкеден турат. Мына ушул жөнөкөй комузду Чалагыз кынаптап ийнежибине чейин келиштирип жасачу экен. Анын колунан жаралган комуздан чыккан добуш өзгөчө мукам болгонун айтышат.

Бул комуз кыргыз элин дүйнөгө таанытып келди. Алыска кетпей эле, кечээки 2016-жылдын 3-сентябрында Көчмөндөр оюнунун ачылыш аземинде 1000 комузчунун курамынан түзүлгөн топ Атай Огомбаевдин "Маш ботой" күүсүн чертип, чет элдиктерди таңгалдырганы өзүнчө сөз.

Комуздан чыккан күүлөрдү уккан кээ бир адам шолоктоп ыйласа, кээси кубанып күлөт. Жупуну көрүнгөн комуздун тарыхы көп. Аны чертип талантын төккөн нечен залкарлар өттү дүйнөдөн. Керемет күүлөрдү чертип жүрөктөргө жеткирген, комуздун табиятын эң жакшы өздөштүргөн Чалагыз Иманкулов болгон. А.Жакшылыков "Тамыры жайылган өмүр" эссесин залкар комузчунун 100 жылдыгына арнап 1989-жылы жазган.

Чалагыз Иманкулов 90 жашка чыга жашайт (1889-1980-жж.). Ал кезде Асан Жакшылыковдун ЛКЖСБКда жооптуу кызматта иштеген жана "Белес"

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



түрмөгүнө ырларды даярдап жүргөн мезгили (1974-1983-жж.). Бу тууралуу акын өзү: “Калкыбыздын кадырман карыясы менен кайсы бир иши чыгып, таягына сүйөнө басып жазуучулар жаатына келип калган кезде кез-кез баарлашып, маек куруп көрдүк” - деп жазат [1, 110-б.].

Аны менен жолукканы, баарлашканы акындын чыгармачылыгына чоң пайда алып келгенин баамдасак болот. Андан таасирленгенден улам “Белес” түрмөгүндө комуз жөнүндө керемет ырлары орун алган. “Комуз күүсү”, “Күүнү тыңшап”, “Токтомамбет”, “Бата”, “Насыят” ж.б. ырларын комузчуга катуу таасирленгенинен улам жазган. “Токтомамбет” ырынан мисал келтире кетели:

“Комузга кылды тагып ким чертпеген?
Дүйнөгө ким келбеген, ким кетпеген?
Бирок да миңдин бири – жүрөгү эрип
Бийикке туруп калат кол жетпеген.

Балалык. Баскан жолу жерде калган,
Бардыгы даңазалуу элде калган.
Бу бала төрөлгөндөн күүнү тыңшап
Бу бала эс тарткандан комуз чалган” [2,104-б.].

Акын ырында комузду даңазалап жатат. Берилген өмүрдүн кыйырында комузга кыл тагып, толкуп-ташып ырдаган далай ак таңдай акындар өткөнүн айтат. Улуу муундан калган мурастарды салт катары бийик тутуп кармоо – акындын эң чоң тилеги. Эски менен жаңыны, кечээги менен бүгүнкүнүн байланышын көрсөтөт. Ата салтын кийинки муун жоготпой сактоо керек экенин эскертет. Ал эми ушул эле ойлорду жана ак таңдай акын Арстанбек черткен комузду кийинки биз сөз кылып жаткан Чалагыз Иманкулов жана устаты Кара Молдо улантканын эссесинде элестүү баяндайт. Алардын турмушу, жашоосу, басып өткөн жолу үч кылдан чыккан күүгө салып койгондой туюлаары, алардын комузда канчалык деңгээлде ойноп, даңазалуулукка, бийиктикке жеткени айтылат.

Эссени үңүлө окуй келгенде, *биринчиден*, автор ал мезгилде жашап өткөн ата-бабаларыбыздын ыйык турмушун, жашоо көчүн биздин көз алдыбызга тартат, комуздун маанисин белгилейт. Дегеле, кыргыз баласы төрөлгөндө эле комуз доошун туюп, чоңойгончо комуз күүсүн угуп чоңоет. Комуз кыргыз эли менен жандаш жүргөн баалуу аспап. Биз сөз кылып жаткан комуз темасы – өлбөс-өчпөс тема. А.Жакшылыков: “Шүгүрчүлүк, комуз аркылуу элибиздин канча керээзи укум-тукумуна жетти, бул өзүнчө узун сөз, канчалаган таланттуу комузчулардын ысымы айтылбай калса да, муундардын байланышы түзүлдү, элибиз күч-кубат жыйнады. Эски доор болгондо, элдин ошо кездеги салтына ылайык көпчүлүктүн жадында комузчунун “Кубанычы” калып, балким күүнү чыгарган Чалагыздын ысымы сакталбас беле?” [1, 109-б.] - дейт. Өткөн ата-баба мурастарын улантууда Чалагыздын эмгеги бар экенин белгилейт. Ошондой эле, комуздун доошун өчүрбөй, биздин күнгө миң түркүн мукамдуу күүлөрдү калтырганын (элдик “Жаа толгоо”, “Кер толгоо” жана “Жайкама”, “Алым сабак”, “Салтанат” деген ж.б. күүлөрдү бүтүндөй жан дүйнөсү менен берилип черткен), Чалагыз Иманкулов комуздун тарыхын мыкты өздөштүргөн уста болгонун далилдүү фактылар менен далилдейт.

*Экинчиден*, эссесинде А.Жакшылыков айрыкча Кара Молдо менен Чалагыздын ортосундагы устат-шакирттикти абдан жакшы ачып берген: “Чакемдин сөзүн тыңшап тургансып, “Молдоке!”– дегенде бышкан ашын жерге коё койгондой, комузчунун аброюн бийиктетип кадырлаганы мен үчүн чоң сабак. Карамолдого болгон башкача ыйык сезими үчүн Чалагыз аксакалды мен да өзгөчө сыйлап калдым” [1, 113-б.]. Кара Молдо менен Чалагыздын мисалында улуу-кичүү бири-бирине кандай урмат-сый көрсөткөнүн айтып, өзү да сабак алуу менен бирге окурмандарды да улууларды урматтаганга чакырат. Өткөн менен азыркы турмушту салыштыруу кыйын. Азыр сыйлашуу да абдан солгундады. Бул мезгилди айтса жомоктой сезилген менен, адамдардын бири-бирин сыйлап барктагандары жакшы нуска.

*Үчүнчүдөн*, аталган эсседе автор негизинен Чалагыз Иманкуловдун комузчулук образын ачат. Чалагыз бала кезинен эле комузга шыктуу, сөзмөр адам болгон. Аны чындай келгенде азыр деле көпчүлүк анчейин биле бербейт. Бирок эссени окуган окурмандын көңүлүндө ал айтылуу Карамолдодон кем комузчу болбогондугу тууралуу ой уюйт. Анын алгачкы устаты Каптагай болгон. Бирок Кара Молдого жолуккандан кийин ниеттери келишип, бирине-бири ылым санап, жолукканда күүлөрүн бир-бирине сындатышып, черлерин жазып алышчу болот. Бирине-бири тагдырлаш болот.

*Төртүнчүдөн*, эссесинде А.Жакшылыков Чалагыздын комуз чабуучулук өнөрүнө, дегеле комуздун жасалыш ыгына, шартына өзгөчө маани берип, сөзгө алат: “Күү, элде айтылгандай, Карамолдо менен кетсе, комуздай аспаптын чабылышы Чалагыз менен кеткендей, Молдокемдин комузу үчүн деп, атайы өзү ичегиден кыл ийрип, жууп даярлап, ушу комузуң жарайт деп ынтызар турганы көз алдыга келет. Комузга кыл даярлоо оңой түйшүкпү? Ал үчүн жем жебеген нагыз кыргыз кара кой табуу керек, союлаары менен өзү ичегисин артып, секин үзбөй тазалап, чий менен

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



чел кабыгын кылдат сыдырып, кабыгынын жалгыз каты калганда гана аңтарып, андан соң ийикке салып создуктура бир калыпта ийрип, жандырбай көлөкө жерге керип, көзөмөлдөп, кургай баштаганда сыдырып, ичке-жоонун ылгап, качан түрүп алган соң көңүлү ток жаны жай алат. Качан гана Карамолдого бергенде жаны сеп алат; жок, качан гана комузга кыл тагылганда, Карамолдо өзү күүлөп жаңы таккан кылын эң оболу Чалагызга угузат" [1, 115-б.].

Ушул сүрөттөөнүн өзүндө комуз чапкан устанын дилгирлиги, мамилеси, сүйүүсү, чабылып жаткан комуздун камырдан кыл суургандай укмуш кылдаттыкты, чебердикти, билгичтикти, ынтызарлыкты, көрөгөчтүктү талап кылган аспап экендиги жүрөккө жетет. Комуздун кылы кандай койдун ичегисинен даярдалышы керектигинен бери терең сүрөттөлөт. Автор эссесинде комузду, анын кылын даярдоо эрежелерин абдан мыкты чеберчиликте ачып берген. Ал комуздун кылын кылдат даярдоонун аркасында кой союунун да эрежелерин так сактоого маани берген. Акын тоо койнунда мал менен өскөндүктөн бул жаатты ийне-жибине чейин билгичтик менен берип жатат. Азыркы комуз чапкан усталарга бул чоң сабак болоорлук мааниге ээ. Дал ушундай эле өзү айтып аткан маселеге илимпоздук мамиле акындын айтылуу "Макмал төр" поэмасына дагы мүнөздүү. Анда дагы, изилдөөчү А.Эгембердиева белгилегендей, акын "тайган менен бүркүттүн түрлөрүн, «Көкөй кестиде» күлүктүн түрлөрүн терең билгичтик менен ырга салат" [3, 93-б.]. «Сагымбай» менен «Чалагыз» эсселеринде комуз чабуунун сырлары ийне-жибине чейин сөзгө алынат. Өзү «гений» деп баалаган элинин эч бир өнөрчүлүк, чеберчилигине кайдыгер караган эмес, тескерисинче, колдон келишинче изилдеп, чогултуп, топтоп, көркөм нарктарына сиңирген" [3, 92-б.]. Мындан улам төмөндөгүдөй ой туулат: Кечээгилердин көчүн улап, бабалардын касиетин, нарк-насилин, максаттарын орундатууга бел байлап, алардын мурастарын өзүнө сиңирип, аны элге жайылтуу маселелери – акындын турмуштагы позициясы. Токсонго чыга жашаган бул таланттуу комузчунун эмгегин, адамдык касиетин чагылдырган эссе адабият чөйрөсүндөгүлөргө гана эмес, жалпы окурмандардын колуна жетсе, андан азыркы муун жакшы таалим-тарбия алмак. Уккандардын кумарын кандырган, жүрөк отун жандырган комуз күүлөрүнүн залкар устаттарынын бири Иманкул уулу Чалагыз жогорку бийик өнөрүнөн тышкары жазгыч акын, сөздү куюлуштура айткан санжырачы, таңдайынан чаң чыгара сүйлөгөн чечен, дастанчы, мүнүшкөр дагы болгондугун эсседен баамдашмак. Анын жазгыч калемгер болгондугу тууралуу эсседеги акындын ою төмөнкүчө: "Комузду биринчи черткен эгерим Камбар болсо, кыргыз аспабынын биринчи устасы ким болду экен, комузга биринчи кыл таккан ким? Элдин жетилүүсү улуу адамдарын баалоодон башталат. Анда кыргыз үчүн Чалагыз ким? Унуткарууга болобу? Унутулбайт, дагы мына бул китеп Чалагыз Иманкул уулунун азыр мурас китеби, өткөн доорду көз алдыга даана келтирет. "Бурулчанын селкинчеги" деп, элде айтылып жүрсө да, Бурулча энебиз ким болгонун бу китептен билдим, кыргыз элинин соңку катаал тагдырын баамдадым, ырларынын табиятка жакындыгын байкадым, негизинен Чалагыз Иманкул уулунун "Устатыма", "Келгин жаз", "Кыз кыял", "Кубаныч" сыяктуу күүлөрү, "Чакчыгай" сыяктуу ыры, "Чынтемир" сыяктуу жомогу, "Замандашым, комузум", "Өмүр элестери" кызыктуу баяндары өзүнүн табигый шыгын даана көрсөтүп турат" [1, 115-б.]. Чындыгында эле "Өмүр элестеринде" Ч.Иманкулов шериги менен атайын издеп барып Бурулча байбичеге жолукканын, чай ичип отуруп, улам эле төрдө илинген ооз комузду карай беришкенде, аны байкаган кыраакы байбиче атактуу күүсүн чертип берип, анан анын жаралыш тарыхын айтып бергенин кызыктуу баяндайт. Бул илим үчүн зор табылга, анткени аталган күүнүн тексти жаратуучунун өз оозунан жазылып алынган. Болбосо эчен вариацияланып, анын кайсынысы түп нуска экенин айыруу кыйынга турмак. Бул жагынан алганда дагы, биз жогоруда белгилеп өткөндөй, А.Жакшылыков "Чалагыз" эссесинде комуздун барк-баасын, устат-шакирттиктин ордун, Чалагыз Иманкуловдун комузчулугун, анын комуз чабуучулук-устачылык өнөрүн, акыры, *бешинчиден*, анын жазгыч акындык жана жазуучулук чеберчилигин ачып берип жатат.

*Алтынчыдан*, эссеист чыгармасында залкар күчүнүн мүнүшкөрлүк касиетин ачып көрсөтүп, жалпы эле аталган өнөргө өз баасын берип жатат: "Саякбай менен Чалагыздын жан курбулук ыкыбалдары мүнүшкөрлүктөн улам кошулса керек. Булар билбеген уя, булар өтпөгөн кыя, булар чыкпаган зоока, булар ашпаган ашуу, булар мүнүшкөрчүлүк кылбаган көл өрөөнүндө жер аз эле болсо керек" [1, 117-б.]. Кыргыз элинин илгертеден кадырлап бийик тутуп келе жаткан өнөрлөрүнүн бири бул – мүнүшкөрлүк. Чалагыз муну да кадырлаган. Мүнүшкөрчүлүк демекчи, илгери-илгери он жети жашар мүнүшкөр бир байдын үйүнө келип консо, бир бүркүт турат. Эртең менен бай, байбичеси желеге бээ байлайлы деп кетишет. Бала бүркүткө карап: "Кайран асыл, билген кишинин колуна тийбей, билбес кишинин колуна тийипсиң", - деп сүйлөнгөн экен. Анын сыңары бул талант да

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



мүнүшкөрлүктүн сырын жакшы билген.

Асан Жакшылыков аталган эссесинде кыргыз Ала-Тоосунун, кыргыз элинин салт-наркын, карыялардын коомдогу ордун, улуу-кичүү мамилелерин ийне-жибине чейин жазганынан улам аны улуу журт үчүн күйгөн атуул катары баалasak болот. Биз терең өздөштүрүп, кабылдообуз керек деген касиеттердин катарында аталган эсседе, *жетинчиден*, эне тил маселесин сөзгө алат: “Биз сөз өнөрүнө дайыма кулдук урууга тийишпиз, бирок Чалагыз атанын мууну менен кошо элдин бу касиети, кеп кунары кеткенсип калды; карысы кеп айтып, жашы акыл тыңшаган жөрөлгөнүн тамыры кыйылып, азыр кеп жебегендердин, бир нерселерди үстүрт окуп алып, бирок дээрибизди унутуп калсак да, ага болбой, бири-бирибизден чөкөтаандай сөз талашкан соңку муун кыйла жардыланып калдык. Жок, тууган, азыр деле көп сүйлөнүп жатат, аркан бою доклад окуган жыйындарыбыз көп, бирок дилге уюп калган, ток этээр таасир, кудурети жок, бизге эмне берди? Бул эмне деген жардылануу? Деги тилибиз кайра калыбына келеби? Сөзмөрлөрдүн, нукура жөө чечендердин элибиздеги мектеби эми экинчи кайра калыбында түзөлөбү, жана ким, качан түзөт? Балким, биз көрүп калган Чалагыздай сөзмөр адамдардын бирин-серини дагы да элде калса республикалык телевидение аркылуу ак таңдай сөзмөрлөрдүн айтымын (конкурсун), эне тил майрамдарын жыл сайын ирээттүү өткөрүү, азыркы учурда кайрадан эне тилге куштарлыкты ойготуу үчүн, тилдин өмүрүн кайрадан жандандыруу үчүн өтө бир зарылчылык болбосун, айтор улут катары чындап ойлоно турган жайгдайларыбыз көп, кайратыбыз, ага чамабыз жетеби?” [1,113-б.].

Бир тулкусунда жети чоң маселени көтөргөн жогорку эссе коомчулуктун алдына эки чоң милдетти: көзү өткөн жана өтө элек өнөрпоздорго кылдат мамиле кылууну жана тилди өнүктүрүү үчүн атайын иш-чараларды уюштурууну талап кылып жатат.

Жалпылап айтканда, акын Асан Жакшылыковдун кыргыз руханий дүйнө таанымын чагылдырган эсселеринин мазмунунда “Манас” жана манасчылык, комуз жана комузчулук, аны менен кошо комуз чабуучулук, ошондой эле эне тил... маселелери эң жогорку деңгээлде көтөрүлгөн. Аларды оoздун жели менен тек гана айтып, калемдин учу менен кагазга тек гана түшүрүп койбостон, иш жүзүндө өзү далайынын колго алынышына, ишке ашышына, өнүктүрүлүшүнө себепкер болгондугуна Саякбай Каралаевдин вариантындагы “Манас” боюнча жасаган радиоберүүлөрү жана ага карата түшүндүрмөлөрү, “Манастын” мыйзамдаштырылышына жана ЮНЕСКОго кошулушуна жасаган албан-тоодой эмгеги, көп жылдан бери “Манас-Элди” жетектеп, “Манасты” элге жайылтуудагы, манасчыларды тарбиялап чыгуудагы, улуу муундагы манасчылар менен кичүү муундагы манасчылардын ортосунда көпүрөлүк кылгандыгы, комузчулуктун сырын ачуу, маанисин түшүндүрүү максатындагы Арстанбек тууурасындагы эң терең мазмундуу радиоберүүлөрдү алып баргандыгы, “Манас”, манасчылык, комуз, комузчулук жана эне тил, маданият, адабият, поэзия... боюнча байма-бай теле-радиодо уңгулуу сөз айтып, эл, окурмандар менен жолугушуу өткөрүп, артынан шакирттерин даярдап – кыргыз үчүн зор эмгек кылып келаткандыгы айкын, далилдүү мисал. Сөз менен иштин шайкештиги, “элдин жетилүүсү улуу адамдарын баалоодон башталат” принцибиндеги өткөнгө кылган мамиле жалпы адамзат үчүн асыл сапат экендиги талашсыз.

**Адабияттар:**


1. Жакшылыков. А. Тандалган чыгармалардын IV томдугу. - Бишкек: Эркин-Тоо, 1999.
2. Жакшылыков. А. Тандалган чыгармалардын I томдугу. - Бишкек: Эркин-Тоо, 1999.
3. Эгембердиева. А. Асманга жол. Асан чакырык. - Бишкек: “Бийиктик” басмасы, 2005.